2020-жылдын «____» октябрындагы
№_____ Буйрукка №2 Тиркеме

БЕКИТИЛДИ:
«SAIMA TELECOM» ЖАК Башкармалыгынын мүчөлөрү

Башкы директор Опариенко А.В. _____

Финансылык директор Касымбеков Б.Ж. _____

М.о.

Кызматтарды көрсөтүү тартиби

«SAIMA TELECOM» («САЙМА ТЕЛЕКОМ») ЖАК ЖАЛПЫГА АЧЫК ОФЕРТАСЫ

Бул Оферта Уставдын жана КР Мамлекеттик байланыш агенттиги тарабынан 2003-жылдын 24-ноябрында берилген № 03-292-КР жана 04.08.2016-ж. берилген №16-0019КР лицензиялардын негизинде иш алып барган, мындан ары «Оператор» деп аталуучу «SAIMA TELECOM» ЖАКнун Оператор «SAIMA TELECOM» ЖАК кабелдик маалымат өткөрүү түйүнүнө Абонент болууну, ошондой эле Оператордон бул Офертада белгиленген шарттарда байланыш кызматтарын алууну каалаган ар бир жак үчүн жалпыга ачык сунуш болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399-беренесинин 3-пунктуна ылайык, бул Офертанын шарттарынын толук жана милдеттүү кабыл алынышы (акцепти) катары, Абоненттин Өздүк эсепке авансылык төлөмдү ишке ашыруусу эсептелип, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинде аныкталган формада Аткаруучу менен Абоненттин ортосунда кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимдин түзүлүшүн талап кылат.

КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮ ТАРТИБИ

ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР:

Тарифтик план – «SAIMA TELECOM» ЖАК тарабынан Байланыш кызматтарын жана башка байланыштуу Сервистерди («SAIMA TELECOM» ЖАК телекоммуникациялык түйүнүнүн базасында телевизиондук контентти камсыздоочу уюмдар тарабынан телевизиондук контент берүү сервистерин кошкондо) пайдалануу сунушталган баа шарттарынын жыйыны.

Жеке кабинет –Оператордун - «SAIMA TELECOM» ЖАКнун сайтындагы Абоненттин жеке баракчасы. Ал жерден Абонент кошулган кызмат жөнүндө каттоо маалыматын карап чыгуу, өзгөртүү жана кызматтардын абалын башкаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алат.

Өздүк эсеп — Абонент ишке ашырган төлөмдөр менен акча каражаттарынын суммалары катталган «SAIMA TELECOM» ЖАКнун биллингдик тутумундагы электрондук эсеп.

1. НЕГИЗГИ ЖОБОЛОР

1.1. Предмети 2-главада белгиленген бул **Кызматтарды көрсөтүү тартиби Абонентке** байланыш кызматтарын жана башка байланыштуу Сервистерди («SAIMA TELECOM» ЖАК телекоммуникациялык түйүнүнүн базасында телевизиондук контентти камсыздоочу уюмдар тарабынан телевизиондук контент берүү сервистерин кошкондо) **(«Кызматтарды»** же **«Трафикти»)** берүү боюнча **Оператор** менен **Абоненттин («Тараптардын»**) мамилесин жөнгө салат.

1.2. **Оператор Абонент** буйрутма берген **Кызматтарды** 3-главада белгиленген тартипте көрсөтүүгө милдеттенет.
1.3. **Абонентке Оператор** тарабынан **Кызматтар Оператордун** түйүнү иштеген аймакта техникалык мүмкүнчүлүктөр бар болгон учурда көрсөтүлөт.
1.4. **Абонент Кызматтар** үчүн акыны 4-главада көрсөтүлгөн шарттарда алардын көлөмүнө жана колдонулган тарифтерге жараша төлөөгө милдеттүү.

2. ПРЕДМЕТ

2.1. **Оператор** тарабынан **Абонентке** корсөтүлгөн **Кызматтардын** тизмеси **Кызматтарды көрсөтүү тартибине**, Байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндөгү келишимге буйрутманын спецификациясында көрсөтүлгөн Тарифтик планга, **Оператордун** жабдуусунда катталган маалыматтарга, ошондой эле **Абонент** тарабынан **Операторго** белгиленген тартипте, анын ичинде **Жеке кабинет** аркылуу келип түшкөн кайрылууларына ылайык аныкталат.
2.2 **Буйрутманын спецификациясы Кызматтардын** аталышын; колдонулган тарифтерге карата көрсөтмөлөрдү (бир жолку, айлык, кошумча төлөмдөрдүн ставкалары); тарифтик пландарды (Оператор тарабынан Кызматтарды колдонуу сунушталган баа шарттарынын жыйынын); тийиштүү төлөмдөрдү аткаруу тартибин/мөөнөттөрүн; **Абонентке Кызмат** көрсөтүү жана **Жеке кабинетке** кирүү мүмкүндүгү үчүн талап кылынган башка маалыматты (бирок муну менен гана чектелбестен) камтышы мүмкүн. **Абоненттин** өзү менен ассоциацияланган идентификациялык реквизиттерди (логин, шартбелги) колдонуу менен ишке ашкан **Жеке кабинет** аркылуу **Кызматтарга** кайрылуусу **Абонент** тарабынан бул **Кызматтардын** алынуусун ырастаган шексиз фактысы катары кабыл алынат жана бул жерде **Абонент** менен ассоциацияланган идентификациялык реквизиттерди (логин, шартбелги) колдонуу менен аткарылган иш-аракеттер **Абоненттин** иш-аракеттери катары таанылат.
2.3. **Оператор** тарабынан **Абонентке Кызматтарды** көрсөтүү үчүн инсталляциялык жана **Буйрутманын спецификациясына** ылайык зарыл болгон башка иштердин аткарылышы **Тараптардын** ортосунда Иштерди кабыл алуу-өткөрүү актысына кол коюулушу менен тастыкталат.
2.4. Көрсөтүлгөн **Кызматтар** үчүн баалар/тарифтер **Кызматтарды** берүү учурунда аракетте болгон жана **Оператордун** расмий документи катары эсептелген Прейскурантта аныкталган.
2.5. Бул документ менен **Абонент Оператор** тарабынан **Кызматтарды көрсөтүү тартибинин** шарттары менен таанышып чыккандыгын жана кабыл алгандыгын ырастайт, ошондой эле **Абонент** тарабынан көрсөтүлгөн (**Оператордун** сайтында катталуу учурундагыларды кошкондо) жеке маалыматтардын (фамилиясы, аты, атасынын аты, өздүгүн тастыктаган документтеги маалыматтар, катталган дареги, жашаган жери ж.б.) чындыкка шайкеш экендигине кепилдик берет.

3. КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ

3.1. **Оператор Абонентке Кызматтарды** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, аракеттеги лицензияларга, ошондой эле **Кызматтарды** көрсөтүү үчүн техникалык мүмкүнчүлүгү болгон учурда Кызматтардын эксплуатациялык мүнөздөмөлөрүнө шайкеш келген жакшы сапатта көрсөтөт.
3.2. **Абонентке Кызматтарды** көрсөтүү **Тараптардын** ортосунда Иштерди кабыл алуу-өткөрүү актысына кол коюлган жана **Абонент** тарабынан **Кызматтардын** акысы төлөнгөн (алдын ала төлөнүүчү тарифтик планда) күндөн башталат жана **Байланыш кызматтарын көрсөтүү жөнүндөгү келишимде** (мындан ары - **Келишим**) белгиленген шарттарда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында түздөн-түз белгиленген учурларда токтотулат же убактылуу токтойт. **Абонент** Иштерди кабыл алуу-өткөрүү актысына кол койбой койгон учурда **Оператор** сотко кайрылбастан жана **Абонент** тарабынан **Оператордун** Прейскуранты боюнча **Кызматты** кайра кошуу үчүн төлөм аткарылганга чейин кошууга төлөнгөн акыны кайтарып бербестен **Келишимди** бир жактуу негизде бузууга укуктуу.
3.3. Кызматтар телефондук аппараттар жана Абонентке убактылуу колдонууга же жеке менчикке берилген жана Буйрутманын спецификациясында жана/же Жабдууну кабыл алуу/өткөрүү актысында көрсөтүлгөн жабдуудан башка бүткөн жабдуудан тышкары **Оператордун** кароосунда болот**. Кызматтарды** көрсөтүү үчүн зарыл болгон **Жабдуу Оператор** тарабынан **Абонентке** менчикке берилген учурда, **Абонент Жабдууну** аталышы жана саны боюнча кабыл алып, анын баасын (наркын) төлөп берүүгө милдеттүү. Тийиштүү сапаттагы жана үчүнчү жактардын укуктарына кирбеген **Жабдуу Жабдуунун** баасын (наркын) төлөө үчүн акча каражаттары төлөнгөн күнү **Абоненттин** менчигине өтөт.
3.4. **Оператор** тарабынан **Абонентке Кызматтарды** көрсөтүү үчүн зарыл болгон **Жабдуу** убактылуу колдонууга берилген учурда, **Абонент** мындай **Жабдуунун** жакшы сакатлуусун жана ага берилген

Техникалык мүнөздөмөлөргө ылайык колдонулушун камсыздап**, Оператор** тарабынан кайра кайтарылуусу талап кылынган учурда кечиктирбестен иштеген абалында кайтарып берүүгө милдеттүү.
3.5. Абонент Оператордун техникалык адистеринин кароо, бузулууларды оңдоо, байланыш каражаттарын инвентаризациялоо үчүн жана башка зарыл болгон учурларда **Оператордун Жабдуусу** орнотулган жайларга кирүүсүн камсыздап берүүгө; **Жабдууга** техникалык тейлөө, оңдоп-түзөө жүргүзбөөгө же башка таасир этүүнү (айрыкча **Оператор** менен макулдаштырылбаган электр түйүнүнөн ажыратуу кошулуп) ишке ашырбоого, ошондой эле **Оператордун Кызматтарына** жана **Жабдууларына** чоочун жактардын кирүүсүн камсыздабоого милдеттүү.
3.6. Тараптар Оператор Абоненттин бүткөн жабдуусунун абалына карабастан, аны кошуу үчүн колдонулган **Оператордун** станциялык жабдуусу аркылуу Net Flow технологиясы боюнча **Абоненттин** IP-даректерине же IP-даректеринен өткөн трафиктин жалпы көлөмүн каттап турарын, жана аны айлык эсептерде чагылдырарын макулдашты жана **Тараптардын** эсептешүүлөрүндө вирустук активдүүлүк, паразиттик жүктөм, түйүндүк чабуулдардын таасири, бузуп кирүүлөр жана башка үчүнчү жактардын ар кандай аракеттерине байланыштуу келип чыккан трафик дагы эсепке алынат. **Оператор** тарабынан транспорттук протоколдордун (ISO OSI моделинин 4-деңгээли) жана аларга негизделген сервистердин (ISO OSI моделинин 5-жана7-деңгээлдери) бардык типтери эске алынат. IP/UDP түйүндүк протоколуна негизделген башкы сервистердин тизмеси http://www.iana.org/assignments/port-numbers дарегинде жайгашкан. ISO OSI моделинин 4-деңгээлиндеги бардык транспорттук протоколдорго негизделген ISO OSI моделинин 3-деңгээлиндеги бардык түйүндүк жана сервистик протоколдор эске алынат.
3.6. Оператор берилген **Кызматтардын** сапатын камсыздоо максатында мезгил мезгили менен тесттик текшерүүлөрдү, ишке даярдоо жана оңдоолорду өткөрөт. Пландуу жумуштар түнкүсүн жана каналдын жүктөмү эң аз болгон убактарда жүргүзүлөт.
3.7. **Оператор** тарабынан **Абонентке Кызматтар б**ерилип жатканда **Абоненттин Кызматтардын** башка жактарга берилишине тоскоолдук жаратууга же болбосо **Оператордун** түйүнүндө кандайдыр бир уруксатсыз иш-аракеттерди жасоого укугу жок. **Абонент Оператордун** жана башка **Абоненттердин** программалык оболочкасына, техникалык же программалык каражаттарына зыян келтирбөөгө милдеттенет.
3.8. **Абонент** тарабынан авариялык жагдайлар, **Кызматтарды** көрсөтүүнүн убактылуу токтоп калуусу же сапатынын начарлашы аныкталган учурда **Оператор Кызматтардын** сапатын жакшыртуу багытында тийиштүү чараларды көрүүсүн камсыздоо үчүн **Оператордун** техникалык кызматына кайрылуу зарыл.
3.9. Эгер Келишимде жана тандалып алынган Тарифтик планда (Буйрутманын спецификациясы) башка жагдай каралбаса, **Абоненттин** Келишимдин алкагында **Кызматтарды** көрсөтүүгө арналган менчик **Жабдуусу** бар болсо, **Оператор Кызматтарды** берүүдө колдонула турган **Жабдууну** алгачкы ырастоого (программалык камсыздоону алмаштыруу) байланыштуу жумуштарды өз алдынча аткарууга укуктуу. Бул жерде мындай **Жабдуунун** туура эмес иштөөсүнөн/ката кетирүүсүнөн, ошондой эле **Абоненттин Жабдуусунун** программалык камсыздоолору **Оператордун** түздөн-түз башкаруусунда болбосо, анда алардын ката кетирүүсүнөн улам **Оператор** жооп бербейт. Бул документ менен **Абонентке** ал башка байланыш операторунун кызматтарын алуу (башка операторго өткөн учурда) үчүн ушундай эле **Жабдуу** колдоно турган болсо, анда аны кайра ырастоо (программалык камсыздоону алмаштыруу) талап кылынышы мүмкүн экендиги тууралуу эскертүү берилди. **Оператор Абоненттин алдында** ырастоо (программалык камсыздоону алмаштыруу) боюнча иштерге байланыштуу эч кандай жоопкерчилик албайт, **Абонентке** эч кандай кепилдик бербейт/компенсация төлөбөйт.

4. КЫЗМАТТАРДЫН ТӨЛӨНҮШҮ

4.1. Эгер **Буйрутманын спецификациясында** башка жагдай каралбаса**, Кызматтар** алдын ала төлөө шарты менен көрсөтүлөт. **Кызматтар** көрсөтүлө турган айдын 1-числосунда **Абоненттин** өздүк эсебинде **Абонент** тарабынан тандалып алынган тариф/тарифтик план боюнча абоненттик төлөмдүн өлчөмүндөгү сумма болууга тийиш.
4.2. Эгер **Буйрутманын спецификациясында** башка жагдай каралбаса**,** Тарифтик планды алмаштыруу мүмкүнчүлүгү **Оператордун** расмий сайтына жайгаштырылган **Абоненттин** учурдагы Тарифтик планынын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аныкталат.
4.3. Эгерде **Абонент Кызматтар** үчүн төлөмдү ишке ашырбаса, **Оператор Келишимге** ылайык талап кылынган өлчөмдө төлөм аткарылганга чейин **Абонентке Кызматтарды** берүүнү убактылуу токтотуп коюуга укуктуу. Мында **Кызматтар** үчүн абоненттик төлөмдү кошкондо, төлөмдөрдү кошуп эсептөө токтотулбайт. Ал эми мындай токтотуп туруунун мөөнөтү бир айдан ашып кетсе, **Оператор** өзүнүн маалымат базасынан эсептеги (эсептердеги) **Абоненттин Келишим** боюнча тейленип жаткан бардык IP-даректерин жараксыз деп жарыялайт, телефон номери менен абоненттик линия болсо **Оператордун**

ыктыярына жараша колдонулат. **Кызматтардын** көрсөтүлүшүн жаңылоо үчүн **Абонент** кайра кошуу, кошууга байланыштуу иштерди аткаруу үчүн жана башка зарыл болгон акыларды **Оператордун** Прейскурантына ылайык төлөп берүүгө милдеттүү.

4.4. Кызматтар өз убагында төлөнбөгөн учурда **Оператор Абоненттен** кечиккен ар бир сутка үчүн өз убагында төлөнбөгөн **Кызматтардын** наркынын бир пайызы өлчөмүндө туум төлөөсүн талап кылууга, ал эми **Абонент** бул талапты орундатууга милдеттүү.

4.5. **Кызматтар** боюнча эсептешүү жүргүзүү үчүн негиз катары, **Оператордун** берилген **Кызматтардын** көлөмүн чагылдырып турган биллингдик тутумунун көрсөткүчтөрү эсептелет.

4.6. Эсептешүүнүн валютасы – Кыргыз Республикасынын сому. Төлөм мыйзамда тыюу салынбаган бардык формаларда ишке ашырылат.

4.7. Оператор бир жактуу тартипте көрсөтүлгөн **Кызматтардын** тарифтерин/тарифтик пландарын, төлөөнүн шарттарын жана тартибин белгилөөгө, өзгөртүүгө же толуктоого, ички валюталык курсту киргизүүгө, жана түйүн ичинде өзгөртүүлөр болгон учурларда **Абоненттин телефонунун номерин/абоненттик линиянын номерин/өздүк эсептин номерин** өзгөртүүгө укуктуу. Белгилөөлөр, өзгөртүүлөр жана толуктоолор **Абонентке Оператордун чечимине жараша каалаган ыкманы колдонуу менен**: массалык маалымат каражаттары, анын ичинде **Оператордун** Интернет түйүнүндөгү расмий сайтына маалымат жайгаштыруу аркылуу, **Абоненттин** жеке кабинетине билдирүү калтыруу, СМС-билдирүү же жазуу жүзүндө маалымат жөнөтүү аркылуу жеткирилет. Мында **Аткаруучунун Кызматтарын** үзгүлтүксүз колдонууну улантуу билдирүүлөр, өзгөртүүлөр же толуктоолорго жана тийиштүү бардык эсептерди өзгөртүүлөрдү эске алуу менен төлөөгө макулдугун берүү дегенди билдирет.

4.8. **Келишимдин** токтотулушу же өзгөртүлүшү **Абонентти Операторго** чыгымдарды төлөп берүү, анын ичинде **Келишим** токтотулганга же өзгөргөнгө чейин көрсөтүлгөн **Кызматтарды** төлөө милдетинен бошотпойт, жана төлөөнү кечиктиргенине байланыштуу туумду кошуп эсептөөнү токтотпойт.

4.9. Абонент абоненттик жабдуусунун үчүнчү жактар тарабынан колдонулушуна уруксат бергендиги, Өздүк эсебин, шартбелгисин, логин жана/же башка маалыматтарын башкаларга жарыя кылгандыгы үчүн **Кызматтарды** төлөөдөн баш тартууга укугу жок. Эгер **Келишимде** башка жагдай каралбаса, **Абонент Кызматтар** үчүн эсептерди, төлөө жана тейлөө шарттарындагы өзгөрүүлөр тууралуу маалыматты, ошондой эле башка билдирүүлөрдү **Оператордун** кеңсесинен өз алдынча ала алат. Эсептерди жеткирүү жана **Абонентти** башка түрдө кабардар кылуу боюнча **Оператордун** милдети **Оператордун** сайтында жана/же **Абоненттин Жеке кабинетинде** тийиштүү маалымат жайгаштырылган учурдан тартып аткарылды деп эсептелет. **Абонентке** эсепти жеткирүү кызматы **Оператор** тарабынан ишке ашырылган учурда, мындай кызмат үчүн тариф **Оператор** тарабынан белгиленет. **Операторго** төлөнө турган бардык суммаларды **Абонент** өз эсебинен жөнөтөт.

4.10. Эгер бир эсеп боюнча **Абоненттин** мөөнөтү өтүп кеткен карызы бар болсо, **Оператор Абонент** тарабынан башка эсеп же милдеттенме боюнча төлөнгөн акча каражаттарынан кармап калууга укуктуу. Кармап калуу карыз сумма төлөнүп бүткөнгө чейин улана берет. Кармап калуу мезгилинде алынган суммалар **Абоненттин** башка эсебин же милдеттенмесин жаппайт.

5. ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

5.1. Тараптар Келишимде, анын Тиркемелеринде, Кызматтарды көрсөтүү тартибинде көрсөтүлгөн жоопкерчиликтин пайда болуу жана анын чектелишинин шарттарын эске алуу менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде Келишим боюнча милдеттерин аткарбагандыгы же ылайыксыз аткаргандыгынан улам келип чыккан зыян үчүн бири-биринин алдында жооп беришет.

5.2. Абонент Кызматтарды көрсөтүүдө пайда болгон бардык мүчүлүштүктөр тууралуу **Операторго** 24 сааттын ичинде кабар берүүгө, жана **Оператор** тарабынан сурам жиберилген учурда тийиштүү жазуу жүзүндөгү ырастоону берүүгө милдеттүү. Белгиленген мөөнөттүн ичинде **Операторго** кабар бербеген учурда **Абонент Оператордон Кызматтарды** берүүдө аргасыз тыныгуу болгон мезгил үчүн **Кызматтарды** төлөөдөн бошотууну талап кылуу укугунан ажырайт.

5.3. Эгерде **Абонент** бул **Кызматтарды көрсөтүү тартибинин** 3.4-пунктунда белгиленген милдеттерин аткарбаса же ылайыксыз аткарган болсо, ал **Операторго** келтирилген зыяндарды толугу менен төлөп берет жана андан тышкары, **Буйрутманын спецификациясында** башка жагдай каралбаган учурда, сакталбаган же зыянга учураган **Жабдуунун** баланстык наркынын жана **Буйрутманын спецификациясында** жана/же Жабдууну кабыл алуу-өткөрүү актысында көрсөтүлгөн наркынын элүү пайызы өлчөмүндө үстөк айып төлөп берет.

5.4. Тараптар Келишимди аткарууда техникалык ченемдерге шайкеш жана мыйзамдуу тартипте тастыктамаланган байланыш жабдуусун колдонууга милдеттенишет. **Оператор** тарабынан **Абоненттин** тастыктамадан өтпөгөн, ошондой эле колдонууга тыюу салынган бүткөн жабдууну пайдалангандыгы

аныкталган учурда, **Оператор Абонентке** жана/же үчүнчү жактарга эч кандай зыяндарды төлөп бербестен, **Кызматтарды** көрсөтүүнү дароо токтотуп коюуга укуктуу.

5.5. Абонент ага берилген индентификациялык реквизиттердин (логин, шартбелгинин) купуялуулугун камсыздоого милдеттүү, ошондой эле **Кызматтарга** мүмкүндүк алуу үчүн өзүнүн ырастоолорунун сакталышы жана **Абонент** менен ассоциацияланган идентификациялык реквизиттерин киргизүүдө **Кызматтарга** кайрылуу аркылуу аткарылган иш-аракеттери, аларды уруксаты жок колдонууга байланыштуу келип чыккан зыяндар үчүн толук жоопкерчилик алат. Муну менен бирге, **Абонент** өзү жана/же башка кишилер анын логини менен шартбелгисин колдонгондугуна байланыштуу иш-аракеттер үчүн өз алдынча жооп берет.

5.6. Абонент Келишимде жана/же тарифтик планда белгиленген **Кызматтар, Жабдуулар** үчүн төлөмдү, ошондой эле **Абоненттин** логинин жана шартбелгисин колдонуу менен буйрутма берилген бардык **Кызматтардын** төлөмдөрүн өз убагында жана толук ишке ашырууга милдеттүү.

5.7. Абонент Оператордун сайтындагы жана **Жеке кабинетиндеги** билдирүүлөрдү дайыма текшерип турууга милдеттүү жана **Оператордун** кайсы бир билдирүүсү менен өз убагында таанышып чыкпаганын **Абонентти** өз милдеттерин аткарбоосу же ылайыксыз аткаруусу үчүн жоопкерчиликтен бошото турган жагдай деп эсептөөгө укугу жок.

5.8. Абонент Интернет түйүнүнө мүмкүндүк алуу кызматтарын берүү жана аларды колдонуу тартибин аныктаган эрежелерди сактоого, ошондой эле http://www.russianlaw.net/law/acts/z25.htm, сайтында жарыяланган Интернетте калыптанып калган түйүндү пайдалануу салттары менен ченемдерин сактоого, анын ичинде бүткөн жабдуудагы антивирустук коргоо каражаттарынын болуусун камсыздоого жана аларды өз убагында жаңылап турууга милдеттүү. **Абонент** аталган ченемдер менен эрежелерди бузган учурда **Оператор** сотко кайрылбай туруп **Келишимди** бир жактуу түрдө бузуу укугуна ээ болот, ал эми **Абоненттин Оператордон** мындай бузууларга байланыштуу келип чыккан чыгымдарды жана материалдык зыянды төлөп берүүсүн талап кылууга укугу жок.

5.9. Интернетке мүмкүндүк алуу боюнча Кызматтарды пайдалануу Интернет түйүнүнүн жалпыга жеткиликтүү булактарга кирүү менен байланыштуу болгондуктан, компьютердик жабдуунун программалык камсыздоосу үчүн коркунуч жаратышы ыктымал экендиги жөнүндө **Абонентке Оператор** тарабынан эскертүү берилди, жана **Абонент** бул **Кызматтарды** пайдаланууга байланыштуу келип чыккан негативдүү кесепеттердин тобокелин өз мойнуна алат. Ушул себептүү, **Абонент** өзү колдонгон түзүлүштү/жабдууну зыяндуу программалык камсыздоонун таасиринен коргоо боюнча тийиштүү чараларды көрүүсү зарыл. Эгер **Абонент** берилген эскертүүлөргө карабастан **Кызматтарга**, анын ичинде аларды колдонуу ниетин ырастап турган иш-аракеттерди аткаруу аркылуу буйрутма берсе, анда келип чыккан кесепет үчүн **Оператор** жооп бербейт.

5.10. Тараптардын ортосунда жазуу жүзүндө башка жагдай белгиленбеген учурда **Абонент** өзү үчүн орнотулган **Жабдууну** башка кишиге же уюмга колдонууга бербөөгө, өзүнүн телефондук линиясын башка кишилерге кызмат көрсөтүү максатында пайдаланбоого, телефондук байланыштын телематикалык кызматтарга чыгуусуна жана коммерциялык, жарнамалык ж.б. максаттарда колдонулушуна жол бербөөгө милдеттенет.

5.11. Абонент Оператордун кызматтарын мыйзамдуу гана түрдө колдонууга жана **Абонент Кызматты** колдонгон учурда **Абонентке** же үчүнчү жакка келтирилген зыян үчүн жоопкерчиликти **Операторго** жүктөбөөгө тийиш.

5.12. Абонент Келишим, Кызматтарды көрсөтүү тартибине ылайык өз милдеттерин ылайыксыз аткарган учурларда, анын ичинде **Оператор** тарабынан **Кызматтар** аркылуу спамдарды, вирустарды жана порнографиялык маалыматтарды жайылтуу, берилген **Кызматтарды** мыйзамсыз колдонуу (**Оператор** тарабынан уруксат берилбеген шаар аралык, эл аралык байланыш, реалдуу мезгил режиминде пакеттик добуш өткөрүүнү кошуп, бирок булар менен чектелбестен) фактылары аныкталганда, ошондой эле эгер **Оператордун** ою боюнча **Абоненттин** ишмердүүлүгү **Оператордун** түйүнүнүн же техникалык каражаттарынын бузулушуна же зыянга учурашына, же болбосо башка электр байланыш кызматтары боюнча байланыш сапатынын маанилүү өлчөмдө начарлашына алып келген жүктөмгө жол ача турган болсо, анда **Оператор Абонентке** эскертүү бербей туруп, дароо **Кызматтарды** берүүнү токтотуу укугуна ээ болот. Бул жагдайда **Абонент Оператордон** өзүнө жана/же үчүнчү жактарга келтирилген кандайдыр бир зыянды төлөп берүүсүн талап кылууга укугу жок.

5.13. Оператор Келишим боюнча **Абонент** тарабынан жиберилген жана кабыл алынган маалыматтын мазмуну, ошондой эле берилген **Кызматтардын** жардамы менен маалымат өткөрүүнүн натыйжасында чыккан кесепеттер үчүн жооп бербейт.

5.14. Оператор керектүү оңдоп-түзөө жана профилактикалык иштерди жүргүзүүгө, ошондой эле жеңилгис кырдаалдардын таасирине, байланыш жабдууларын, программалык камсыздоону алмаштырууга же

түйүндүн иштөө жөндөмдүүлүгүн сактоо жана жогорулатууга байланыштуу иш-аракеттерди жүргүзүүдөн улам, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарында жана/же **Операторду**н **Кызматтарды көрсөтүү тартибинде** белгиленген учурларда **Кызматтарды** көрсөтүүдөгү убактылуу тыныгуулар үчүн жоопкерчиликке тартылбайт.

5.15. **Операторду**н жеке түйүнүнүн **Кызматтарын** жеткирүү боюнча жоопкерчилиги Иштерди кабыл алуу-өткөрүү актысында көрсөтүлгөн **Операторду**н түйүнүнө **Кошуу чекити** менен чектелет. Калган түйүндөрдүн жана/же түйүндүк жабдуунун абалы жана иштөөсү үчүн **Оператор** жооп бербейт.

5.16. Оператор Интернет тармагы аркылуу убактылуу же туруктуу жеткиликтүү болбогон түйүндөр же серверлер менен маалымат алмашуу мүмкүндүгүн кепилдей албайт жана Интернет тармагынын өзүнчө сегменттеринин иштөөсү жана жеткиликтүүлүгү үчүн жооп бербейт.

5.17. Абонент орунжайдын ээси кошулуп, бардык үчүнчү жактардын дооматтарын жана нааразылыктарын **Операторду** катыштырбай (анын ичинде финансылык жактан), өз алдынча чечүүгө милдеттүү жана алардын алдында Кызматтарды уюштурууда, кошууда жана көрсөтүүдө келип чыккан жана/же келип чыгышы мүмкүн болгон бардык зыяндар, кармап калуулар, чыгымдар үчүн жооп берет. **Абоненттин Келишимге** кол коюусу анын Келишимдин шарттары, Тиркемелери жана **Операторду**н **Кызматтарды көрсөтүү тартиби** менен таанышып чыккандыгын; **Оператор** тарабынан керектүү бардык ченемдердин сакталышы менен турак-жайдын жалпы пайдаланылуучу жерлерине (подъезддеги, чатырдагы, жертөлөдөгү жайларга) жабдуулардын жана кабелдик системанын акысыз орнотулушуна, имараттын жалпы фазаларына төмөнкү вольттуу жабдуулардын туташтырылышына макулдук бергенин билдирет.

5.18. Абонент Кызматтарды пайдалануда өзүнүн иш-аракеттери (аракетсиздиги) жана мындай иш-аракеттердин (аракетсиздиктердин) кесепеттери, ошондой эле бул **Келишимдин** алкагында **Абонент** буйрутма берген жана ага көрсөтүлгөн **Кызматтарга** карата үчүнчү жактардын жасаган иш-аракеттери үчүн жооп берет.

5.19. Тараптар колдон чыгарып жиберген пайда же болбосо кандайдыр бир кыйыр чыгымдар үчүн бири-биринин алдында жооп бербейт, ошондой эле **Келишим** боюнча милдеттерин **Тараптардын** кызматкерлеринен (аффилирленген жактарынан) тышкары адамдар уюштуруп, ишке ашырган согуш, аскердик аракеттер, басып кирүүлөр, чет өлкөлүк душмандардын аракеттери, көтөрүлүштөр, терроризм, революция, мамлекеттик төңкөрүш, козголоң, аскердик же өзгөчө абал, бунт, жарандык толкундоолор, башаламандыктар, иш таштоо же локаут сыяктуу жана булар менен гана чектелбеген Тараптарга байланыштуу болбогон жагдайлардан; табигый кырсыктардан, өрт чыгуу, электр кубаттуулугунун жоголушу, **Операторго** тиешелүү болбогон байланыш линияларынын үзүлүшү же сапатынын начардыгы, программанын өндүрүүчүсү же спутник операторунун күнөөсү менен берүүнүн үзгүлтүккө учурашы, абырайынын катаал шарттары, үчүнчү жактардын **Кызматтардын** тыныгуусуна же токтоосуна алып келген атайы же байкабастан аткарган иш-аракеттери, почта кызматтарындагы кечигүүлөр, **Тараптардын Келишим** боюнча милдеттерин аткаруусуна тоскоолдук жараткан мамлекеттик органдардын чечимдери, өкмөттүк органдардын же мекемелердин иш-аракеттери (аракетсиздиктери), мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун компетенттүү органдары тарабынан кабыл алынган административдик же коммерциялык чектөөлөр, **Тараптардын (Тараптын)** келишимдик милдеттерин аткаруусуна тоскоол болгон мыйзам чыгаруу же башка ченемдик актылардын (жалпыга ачык актылардын) жарыяланышы сыяктуу себептерден улам аткарбай калуулары үчүн бири-биринин алдында жооп беришпейт.

5.20. Абонентке тиешелүү же ага убактылуу колдонууга берилген программалык камсыздоонун ката кетиришинен же персоналдык компьютеринин, жабдуусунун бузулушунан улам **Кызматтарды** көрсөтүүдө тыныгуу; кабыл алуучу **Жабдуунун Абоненттин** өзү тарабынан туура эмес ырасталуусу; **Абонент** колдонгон **Жабдуунун** же программалык камсыздоонун коопсуздугун камсыздоо же аларды тастыктамалоо; **Абоненттин** өздүк эсебинде төлөм катталбаган үчүн, ал төлөмдүн **Операторду**н эсебине түшпөгөндүгү; **Абоненттин** акча каражаттарын которууну ишке ашырган уюмдардын кызматтары; **Келишим** түзүлүп жаткан учурда **Абонент** тарабынан маалыматтардын туура эмес же толук эмес берилгендиги үчүн О**ператор** жооп бербейт, ошондой эле телеберүү кызматтарын көрсөткөн уюм менен (телевизиондук контентти камсыздоочу) ар кандай себептерден улам Келишим бузулган же токтотулган учурда **Оператор Келишимдин** шарттарын сактабагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

5.21. Оператор Кызматтарды көрсөтүүнүн алкагында ишке ашырылган телепрограммалардын мазмуну, телепрограммаларды берүү сеткасынын өзгөрүүсү же толугу менен токтотулушу үчүн жооп бербейт.

5.22. Оператор байланыш кызматтарын сөзсүз эле өзү көрсөтүүгө милдеттүү эмес. **Оператор** өзүнүн **Келишим** боюнча милдеттерин толугу менен же жарым-жартылай үчүнчү жакка өткөрүп берүү укугуна ээ.

6. КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮ ТАРТИБИНИН ЖАРАМДУУЛУК МӨӨНӨТҮ

6.1. Кызматтарды көрсөтүү тартибинин жарамдуулук мөөнөтү **Келишимде,** тандалып алынган Тарфитик планда жана Буйрутманын спецификациясында белгиленген Кызматтарды көрсөтүүнүн жалпы мезгилин камтыйт.

6.2. Эгерде Абонент тарабынан тандалган Тарифтик планда/Буйрутманын спецификациясында башка шарттар каралбаса, Абонент Кызматтарды көрсөтүүнү токтотуунун болжолдуу датасынан отуз (30) күн мурун **Операторго** билдирүү жиберүү аркылуу **Келишим** боюнча **Кызматтардын** көрсөтүлүшүнөн толук же жарым-жартылай баш тартууга укуктуу.

6.3. Эгерде Абонент тарабынан тандалган Тарифтик планда/Буйрутманын спецификациясында башка шарттар каралбаса, өзгөртүлгөн тарифтер менен макул болбогон учурда, **Абонент** тариф өзгөртүлгөн жана (же) **Аткаруучунун** ички валюталык курсу коюлган айдан кийинки айдын 1-числосунан тартып **Келишимди** бузууга укуктуу.

6.4. Абонент Келишим боюнча милдеттерин аткарбаган учурда **Оператор Кызматтарды** көрсөтүүнү токтотуп коюу укугуна ээ.

6.5. Эгерде Келишимде/Тарифтик планда/Буйрутманын спецификациясында башка шарттар каралбаса, Тараптар Келишимге кол койгон күндөн тартып алты календардык ай бою **Абонент Операторго** байланышпаган себептерден улам **Кызматтарды** колдонбогон учурда жана/же **Абонент** Абонентти кошкон күндөн тартып үч календардык күндүн ичинде Иштерди кабыл алуу-өткөрүү актысына кол койбогон учурда **Оператор** сотко кайрылбай туруп, **Келишимдик** милдеттерин аткаруудан бир жактуу тартипте баш тартууга укуктуу, ал эми **Абонент Операторду**н мындай баш тартуудан улам өзүнө же үчүнчү жактарга келтирилген зыянды төлөп берүүсүн талап кылууга укугу жок.

7. БАШКА ЖАГДАЙЛАР

7.1. Абоненттин Абонент менен ассоциацияланган идентификациялык реквизиттерди (логин, шартбелги) колдонуу аркылуу Жеке кабинетинен Кызматтарга кайрылуусу Абоненттин мындай кызматтарды алуусун тастыктаган шексиз чындык катары кабыл алынат. Абонент Аткаруучунун сайтынан жана Жеке кабинетинен билдирүүлөрдү дайыма текшерип турууга милдеттүү жана Операторду кайсы бир билдирүүсү менен өз убагында таанышып чыкпаганын Абонентти өз милдеттерин аткарбоосу же ылайыксыз аткаруусу үчүн жоопкерчиликтен бошото турган жагдай деп эсептөөгө укугу жок.

7.2. **Жеке кабинетти** колдонуу аркылуу интерактивдүү режимде аткарылган **Келишимдин** шарттарын жана/же эсептерди берүүгө таасир эткен параметрлерди өзгөртүү, толуктоо **Тараптардын** жазуу жүзүндөгү эки жактуу макулдугун билдирет жана **Абоненттин** «макулмун», «ооба» баскычын басуусу же болбосо башка ырастоочу жообу менен тастыкталат.

7.3. **Келишимге** кол коюу менен **Абонент Аткаруучудан** жана/же анын ыйгарым укуктуу жактарынан бул **Келишимде** көрсөтүлгөн телефон номерине/номерлерине байланыш кызматтарын колдонуу үчүн төлөмдү ишке ашыруу мезгили жакындап калгандыгы тууралуу кабарлоо кошулуп, бирок муну менен чектелбестен, маалымат берүүчү жана/же жарнамалык жана/же башка мүнөздөгү билдирүүлөрдү камтыган SMS-билдирүүлөрдү кабыл алууга шексиз жана толук макулдугун берет. SMS-кабарлоолорду алуу кызматы Жеке кабинет аркылуу токтотулат.

7.4. **Келишимдин** жарамдуулук мөөнөтүнүн ичинде жана ал бүткөндөн кийин үч (3) жыл ичинде ар бир **Тарап Келишимдин** текстин кошуп, **Келишимди** аткаруунун натыйжасында ээ болгон экинчи **Тарап** жөнүндөгү бардык маалыматтарды купуялуу деп эсептейт жана жашыруун сактайт.

7.5. **Тараптардын** ар бири купуя маалыматтын жайылып кетүүсүнүн же мыйзамсыз колдонулушунун алдын алуучу бардык чараларды көрүүгө милдеттенет.

7.6.**Операторду**н түйүнүндө келип чыккан бузулууларды жоюунун контролдук мөөнөттөрү Кыргыз Республикасынын байланыш тармагындагы аракеттеги мыйзамдарынын ченемдерине ылайык белгиленет.

7.7. Эгер **Абонент** чет өлкөлүк жаран, жарандыгы жок киши, чет өлкөлүк юридикалык жак же эл арадык уюм болсо, Оператор менен Абоненттин ортосундагы талаш-тартыштар ведомствого тиешелүүлүгү боюнча Кыргыз Республикасынын сотторунда териштирилет.

7.8. Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык бөтөнчө соттук териштирүүгө кирген талаш-тартыштардан тышкары, **Оператор менен Абоненттин** ортосундагы талаш-тартыштардын соттук териштирүүсү **Оператор** жайгашкан жерге жараша белгиленет.

7.9. **Абонент Келишимде** көрсөтүлгөн маалыматтын **Операторду**н Маалымат базасында колдонулушуна, ошондой эле аталган маалыматтардын Кыргыз Республикасынын персоналдык мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү мыйзамына ылайык жана карызды төлөөгө байланыштуу маселелерди чечүү максатында үчүнчү жактарга берилишине макулдугун билдирет.

7.10. **Келишимде** көрсөтүлгөн **Абонент** жөнүндө маалыматтардын толук берилиши жана чындыкка шайкештиги үчүн, ошондой эле тандалган **Кызматтар** үчүн жоопкерчилик **Абонентке** таандык.
7.11. **Келишимдин** бардык **Тиркемелери** анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.
7.13. Бул Кызматтарды көрсөтүү тартибинин 4.7-пунктунда белгиленген өзгөртүүлөр менен толуктоолордон тышкары, Келишимдин текстине бардык өзгөртүүлөр же толуктоолор эки Тараптын тең жазуу жүзүндөгү макулдугунун негизинде киргизилет. **Жеке кабинетти** колдонуу аркылуу интерактивдүү режимде аткарылган **Келишимдин** шарттарын жана/же эсептерди берүүгө таасир эткен параметрлерди өзгөртүү, толуктоо **Тараптардын** жазуу жүзүндөгү эки жактуу макулдугун билдирет жана **Абоненттин** «макулмун», «ооба» баскычын басуусу же болбосо башка ырастоочу жообу менен тастыкталат.
7.14. Бул **Кызматтарды көрсөтүү тартиби** Оператордун расмий документи болуп эсептелет.